## КУРСТУН ТЕМАСЫ:

## "Кыргыз Республикасынын расмий статистика системасына киришүү»

**Статистика** ар бир коомдун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Статистика ар кандай коомдук кубулуштардын өнүгүү динамикасын, төмөндөшүн, өсүшүн аныктайт.

Статистикалык иш массалык кубулуштар жөнүндө сандык маалыматтарды чогултуудан, аларды иштетүүдөн, талдоо үчүн ыңгайлуу формада берүүдөн, алынган натыйжаларды талдоодон жана интерпретациялоодон турат.

**Статист** – бул статистикалык эсеп менен алектенген, башкача айтканда, статистикалык маалыматты чогулткан, иштеп чыккан, талдаган жана берген адис. Анализдин натыйжаларынын ишенимдүүлүгү колдонулган маалыматтардын сапатына, алардын аныктыгына жана тактыгына көз каранды.

Статистикалык маалыматтарды берүү - **Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин** негизги милдети болуп саналат. Сунушталган статистикалык маалыматтын негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн экономикалык жана социалдык саясатын иштеп чыгат, анын натыйжаларына баа берет, экономикалык божомолдоолорду, региондук көйгөйлөрдү чечүүнүн жана бизнес секторун өнүктүрүүнүн жолдорун түзөт.

**КУРСТУН МАКСАТЫ**. Статистиканын ролу, ал чечүүчү милдеттер, статистикалык изилдөөлөрдүн негизинде жаткан базалык ыкмалар жана статистикалык маалыматтар менен иштөө үчүн колдонулган кээ бир маанилүү программалык куралдар жөнүндө түшүнүк түзүү.

**МАКСАТТУУ АУДИТОРИЯ.** Курс Улутстаткомдун системасына жаңы келген кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үчүн иштелип чыккан, алар жумуш ордуна келгенден тартып 3 айдын ичинде милдеттүү түрдө өз алдынча окуудан өтүүсү керек. Ошондой эле, курсту квалификациясын жогорулатууну жана өзүн-өзү өнүктүрүүнү каалаган бардык кызматкерлер өтө алышат.

**БИЛИМ ЖАНА КОМПЕТЕНЦИЯ**. Курсту аяктагандан кийин угуучу төмөнкүлөрдү билет:

- статистиканын базалык түшүнүктөрү жана милдеттери;
- КРда расмий статистика системасын уюштуруу;
- статистикалык маалыматтардын жана статистикалык процесстердин сыпатталышы;
- маалыматтарды чогултуунун уюштуруу принциптери;

- маалыматтарды статистикалык маалыматка айландыруу процесстерин түшүнүү;
- статистикалык көрсөткүчтөрдү түзүү принциптери, статистикалык маалыматтар менен иштөөнүн программалык каражаттары жөнүндө түшүнүгүнө ээ;
- маалыматтарды чогултуу, топтоо жана иштеп чыгуу системасы;
- статистикалык маалыматты жайылтуу жана купуялуулук принциптери;
- статистика чөйрөсүндөгү эл аралык тенденциялар жана глобалдык милдеттер жөнүндө.

## КУРСТУН БӨЛҮМДӨРҮ

| бөлүмдүн № | Бөлүмдүн аты | Презентация убактысы |
|---|---|---|
| **1** | **Онлайн курсту өтүү боюнча усулдук көрсөтмөлөр** | |
| **2** | **Кыргыз Республикасында расмий статистиканын системасын уюштуруу** | **22 мин** |
| **3** | **КРнын тармактык статистикасына, анын ичинде ТӨМ көрсөткүчтөрүнө сереп салуу** | **18 мин** |
| **4** | **Статистикалык маалыматты жүргүзүү модели** | **18 мин** |
| **5** | **Метамаалыматтар жана классификаторлор** | **13 мин** |
| **6** | **Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик реестри (СББМР)** | **7 мин** |
| **7** | **Статистика тармагындагы башка өлкөлөрдүн, эл аралык уюмдардын тажрыйбасы жана практикасы, глобалдык милдеттери** | **9 мин** |
| **8** | **Жарыялоо, жайылтуу, ачык маалыматтарга байланыштуу маселелер, КР УСКнун сайты, статистикалык маалыматты жайылтууда купуялуулукту камсыз кылуу** | **10 мин** |

**МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР.** Бул курс гибриддик видео жана онлайн курс форматында берилген. Бул ыкма курстук материалдарга каалаган ыңгайлуу убакта жана эч кандай чектөөлөрсүз кирүүгө камсыз кылуу үчүн тандалган.

Курс өз алдынча окуу үчүн ыңгайлуу структурага ээ. 7 негизги бөлүктөн турат, алардын ар биринде:

- үн коштоосунда Power Point форматындагы презентациялар;
- өзүн-өзү көзөмөлдөө үчүн суроолор;
- тапшырмалар;
- толук үйрөнүү үчүн материалдарга шилтемелер көрсөтүлгөн.

Сунушталган материалды эффективдүү өздөштүрүү үчүн презентациялар үн менен коштолгон. Ар бир жазылган тема угуу режиминде 10 мүнөттөн 25 мүнөткө чейин созулат. Ошондой эле, угуучу, эгер кааласа, слайддарды өз алдынча жылдырып, реалдуу убакыт режиминде ар бир слайдды үйрөнүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

Сунушталган темаларды тереңирээк үйрөнүү үчүн презентациялардын аягында презентацияларды даярдоодо колдонулган же иштеп чыгуучу тарабынан үйрөнүүгө сунушталган ЧУАга (ченемдик укутук акт), документтерге, кошумча маалыматтарга шилтемелер берилет.

Презентацияларды угуп же окугандан кийин, угуучуга тапшырманы аткаруу жана өзүн текшерип көрүү сунушталат. Ошондой эле, өзүн-өзү көзөмөлдөө үчүн кээ бир суроолорго жооп берүү сунушталат, бул жыйынтык тесттен ийгиликтүү өтүүгө мүмкүндүк берет.

Окулган курстун жыйынтыгы боюнча угуучу Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институту (мындан ары СИжКЖИ) тарабынан уюштурула турган жыйынтыктоочу онлайн тестирлөөдөн өтөт. Окууну ийгиликтүү аяктаган учурда угуучу аттестат алат, анда аты-жөнү, иштеген жери жана алган баасы жазылат.

**ОКУУНУН ЖЫЙЫНТЫГЫН БААЛОО.** Угуучуга өтүү үчүн онлайн режиминде тест берилет. Тест тестирлөөнү ишке киргизгенде түзүлгөн туш келди тартибиндеги 20 суроодон турат. Угуучуга тестти өтүү үчүн 60 мүнөт берилет. Тестирлөөнүн ийгиликтүү жыйынтыктары өздүк делосуна киргизүү жана аларды сыноо мөөнөтү аяктаганда жана/же карьералык өсүшүн эсепке алуу үчүн Улутстаткомдун АРБна (УЧР) өткөрүлүп берилет. Тестирлөөдөн өтпөй калган угуучулар материалдарды кайра кайталап, кайрадан тест тапшыра алышат.

Баалоо системасы 20 баллдык шкала боюнча берилет.

| **Топтолгон упайлар** | **Жыйынтык** |
|---|---|
| 0-9 | канааттандырарлык эмес |
| 10-13 | канааттандырарлык |
| 14-17 | жакшы |
| 18-20 | Эӊ жакшы |

**УЮШТУРУУ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР.** Курстун мазмунуна, тестти уюштурууга, курска кирүүнү кыйындаткан техникалык көйгөйлөргө же иштебеген шилтемелерге байланыштуу суроолоруңуз болсо, жардам алуу үчүн СИжКЖИту (ИСИПК) менен байланышыңыз.

Тел. 32-53-29, 67-03-10

Email: nskisipk 2022@gmail.com

**КУРСТУ ӨТҮҮ ЭТАПТАРЫ.** Төмөндө курсту толук бүтүрүү жана сертификат алуу үчүн керек болгон кадамдар көрсөтүлгөн.

| **Этаптар** | **Эмне аткаруу керек** |
|---|---|
| 1 КАДАМ | "Курстун материалдары" бөлүмүн тандоо |
| 2 КАДАМ | Бөлүмдөрдү ачуу, .ppt презентацияларын угуу |
| 3 КАДАМ | Курсту өткөндөн кийин, "Өзүн-өзү көзөмөлдөө үчүн суроолор жана тапшырмалар" pdf документин ачып, өзүн-өзү көзөмөлдөө үчүн тапшырмаларды аткаруу жана суроолорго жооп берүү |
| 4 КАДАМ | Бардык бөлүмдөрдү аяктагандан кийин, сиз СИКЖИна (ИСИПК) жыйынтыктоочу тестти тапшырууга даяр экениңизди жазышыңыз керек (nskisipk 2022@gmail.com) |
| 5 КАДАМ | СИКЖИ (ИСИПК) онлайн тестирлөө үчүн шилтеме жөнөтөт жана жыйынтыгы жөнүндө билдирет |
| 6 КАДАМ | Эгерде ийгиликтүү аяктасаңыз, сиз сертификат аласыз. |